**Независимый институт аккредитации, рейтинга и сертификации**
**Аккредитация, рейтинг жана тастыктоочу коз карандысыз институту**
**Independent Institute of Accreditation, Rating and Certification**

---

**«МАКУЛДАШЫЛГАН»**
Аккредитациялык Кеңештин
төрагасы Сарбанов С.Т.
Протокол № 9
04.07.2024-ж.

**«БЕКИТЕМИН»**
Директор Кошоева Б.Б.
Буйрук №2/008
04.07.2024-ж.

# БАШТАЛГЫЧ КЕСИПТИК БИЛИМ БЕРҮҮ УЮМДАРЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ПРОГРАММАЛАРЫН ИНСТИТУЦИОНАЛДЫК АККРЕДИТАЦИЯЛОО БОЮНЧА КОЛДОНМО

**Бишкек- 2024-ж.**

Баштапкы кесиптик билим берүүнүн билим берүү уюму үчүн институционалдык аккредитациялоонун өзүн-өзү баалоосун жүргүзүү боюнча колдонмо. – Бишкек, 2024-28 бет.

Башталгыч кесиптик билим берүүнүн билим берүү уюмунун институционалдык аккредитациясын өткөрүү боюнча Колдонмодо аккредитациялоо процессине сереп, БКББ ББУ (ОО НПО) институционалдык өзүн-өзү баалоо процессинин негизги элементтери берилген.

Институционалдык өзүн-өзү баалоону жүргүзүү үчүн стандарттарга жана критерийлерге комментарийлер берилди.

Баштапкы кесиптик билим берүүнүн билим берүү уюму үчүн институционалдык аккредитациялоону өткөрүү боюнча колдонмо Кыргыз Республикасынын БКББ ББУ кызматкерлери, жетекчилиги, инженердик-педагогикалык кадрлары үчүн, АРТККИнин (НИАРСтын) эксперттери жана башка кызыкдар тараптар үчүн арналган.

©НИАРС, 2024

**МАЗМУНУ**


1. Колдонмонун статусу 4
2. Колдонмонун максаты 4
3. Колдонуу чөйрөсү 4
4. Терминдер жана аныктамалар 4-5
5. Белгилер жана кыскартуулар 5
6. Өзүн-өзү баалоо боюнча отчеттун түзүмү жана формасы 6-8
7. Стандарттар 9-14

Стандарт 1. «Билим берүү сапатын камсыздоо саясаты»
Стандарт 2. «Адам ресурстарын башкаруу»
Стандарт 3. «Материалдык-техникалык база жана маалымат ресурстары»
Стандарт 4. «Каржылык ресурстарды пландаштыруу жана башкаруу»
Стандарт 5. «Маалыматты башкаруу жана аны коомчулукка жеткирүү»

8. Өзүн-өзү баалоо комиссиясынын корутундусу 17-20
9. Адабияттар 20
10. Тиркемелер 21-27

## 1. КОЛДОНМОНУН СТАТУСУ

Бул колдонмо башталгыч кесиптик билим берүүнүн билим берүү уюмун институционалдык аккредитациялоо боюнча НИАРСтын жалпы колдонмосунун ажырагыс бөлүгү болуп саналат.

## 2 КОЛДОНМОНУН МАКСАТЫ

Колдонмонун максаты болуп билим берүү уюмуна институционалдык аккредитацияны ыйгаруу жөнүндө чечим кабыл алуу жана эксперттик баалоо жүргүзүү үчүн негиз катары АРТККИ (НИАРС) тарабынан берилген, аккредитацияланууучу билим берүү уюмуна билим берүү уюмунун өзүн-өзү баалоосу боюнча отчетту түзүү боюнча шарттарды түшүндүрүү жана сунуштарды берүү.

## 3. КОЛДОНУУ ЧӨЙРӨСҮ

Бул колдонмо АРТККИ институционалдык аккредитациясынын бекитилген стандарттарынын негизинде түзүлгөн.

Өзүн-өзү баалоо боюнча отчетту толтурууда жана берүүдө ушул колдонмонун шарттарын аткаруунун тактыгы жана тууралыгы, Башталгыч кесиптик билим берүү уюмдарына (БКБ ББУ) эксперттик комиссиянын иш сапарынын процессинде жана АРТККИ тарабынан аккредитациялоо жөнүндө чечим чыгарууда башталгыч билим берүүнүн билим берүү уюмун (БКБ ББУ) баалоо үчүн негиз болуп саналат.

## 4. ТЕРМИНДЕР ЖАНА АНЫКТАМАЛАР

Бул колдонмо Кыргыз Республикасынын «Билим берүү жөнүндө» Мыйзамынын негизинде жана Кыргыз Республикасынын билим берүү чөйрөсүндөгү башка ченемдик-укуктук актыларына ылайык терминдерди жана аныктамаларды колдонот.

Булардан тышкары кошумча болуп, бул стандарттарга төмөнкү аныктамалар белгиленет:

**Аккредитация** – аккредитациялык агенттик тарабынан билим берүү уюмунун бүтүндөй же анын айрым билим берүү программаларынын сапатынын деңгээлин баалоонун жол-жобосу, анын жүрүшүндө билим берүү уюмунун же билим берүү программасынын белгилүү бир критерийлерге жана стандарттарга дал келүүсү таанылат .

**Аккредитация** – институционалдык - белгилүү бир критерийлерге жана стандарттарга шайкештигин таануу максатында билим берүү уюмунун бүтүндөй сапатынын деңгээлин баалоонун жол-жобосу.

**Билим берүү программаларынын сапаты** - окуучулардын жана бүтүрүүчүлөрдүн компетенттүүлүк деңгээлинин билим берүү стандарттарынын талаптарына жана билим берүү программаларын ишке ашыруучу уюм тарабынан белгиленген кошумча талаптарга ылайык келүүсү.

**Компетенция** – окуучунун (билим алуучу) белгилүү бир чөйрөдө анын натыйжалуу жемиштүү ишмердиги үчүн зарыл болгон билим берүү даярдыгынын алдын ала белгиленген социалдык талабы (нормасы).

**Компетенттүүлүк** – адамдын белгилүү бир кырдаалда (билим берүү, жеке жана кесиптик) билимдердин жана көндүмдөрдүн ар кандай элементтерин өз алдынча колдонуунун комплекстүү жөндөмү.

**Окуучулардын окуу натыйжалары** – бул билим берүү программасы боюнча окуу аяктагандан кийин студенттер ээ болушу керек болгон компетенциялардын, билимдердин жана көндүмдөрдүн жыйындысы.

**Кредит (зачеттук бирдик) -** Студенттин аны бүтүрүү үчүн талап кылынган окуу жүгүн мүнөздөө үчүн дисциплинанын бирдиктерине туура келген жана ЖОЖдо академиялык окуунун толук жылын аяктоо үчүн жумуштун жалпы көлөмүнө салыштырмалуу ар бир курс боюнча талап кылынган иштин көлөмүн чагылдырган сандык маани. ECVET кредити талап кылынган ишти бүтүргөндөн жана жетишилген окуу натыйжаларына тиешелүү баа алгандан кийин гана алынышы мүмкүн.

**Модуль** - окутуунун жана тарбиялоонун белгиленген максаттарына жана натыйжаларына карата белгилүү бир логикалык толуктукка ээ болгон билим берүү программасынын бөлүгү же окуу дисциплинасынын бөлүгү.

**Билим берүү кызматтарынын мониторинги** - билим берүү ишмердигинин процесстери жана процедуралары жөнүндө маалыматтарды чогултуу жана талдоо.

**Билим берүү программасы** – окутуунун тиешелүү чөйрөсүндө окуу процессинин максаттарын, күтүлгөн натыйжаларын, мазмунун жана ишке ашырылышын жөнгө салуучу окуу-методикалык документтердин жыйындысы.

**Керектөөчү** – өнүмдөрдү же кызматтарды алуучу уюм же адам (окуучулар, алардын ата-энелери, иш берүүчүлөр, өкмөт).

**Тышкы аудиторлордон турган комиссиянын БКБнын билим берүү уюмуна баруусу** – аккредитациялоо процессинин жалпы кабыл алынган бөлүгү болуп саналган тышкы баалоо компоненти. Тышкы эксперт-аудиторлор БКБ ББУлардын өзүн-өзү баалоо материалдарын текшерүү, инженердик-педагогикалык курамдын, окуучулар, кызматкерлер менен маектешүүлөрдү өткөрүү жана көрсөтүлгөн кызматтардын сапатын жана натыйжалуулугун баалоо, ошондой эле аларды жакшыртуу боюнча сунуштарды берүү үчүн барышат. Иш сапардын жыйынтыгы –башталгыч кесиптик билим берүүгө билим берүү уюмунун аудити жөнүндө отчету болуп саналат.

**Процедура –** кандайдыр бир ишти же процессти жүзөгө ашыруунун белгилүү жолу.

**Процесс** – «киргизүүнү» «чыгарууга» айландыруучу өз ара байланышкан жана өз ара аракеттенүүчү иш-аракеттердин жыйындысы.

**Окуунун натыйжалары** – билим берүү программасы/модуль боюнча окутуунун натыйжасында алынган компетенциялар.

**Сапат системасы** – белгиленген эрежелерге жана кабыл алынган методдорго ылайык сапатты башкаруунун белгилүү иш-милдеттерин аткарган жана билим берүү программасынын бардык бүтүрүүчүлөрү кесиптик стандарттарга ылайык белгиленген талаптарга жооп беришин камсыз кылган уюмдагы жол-жоболордун, бөлүмдөрдүн жана кызмат адамдарынын жыйындысы.

**Аккредитациянын стандарттары** – аккредитациялоо процедурасына талаптарды белгилеген аккредитациялоо органынын документтери.

**Кардарларды канааттандыруу** – керектөөчүлөрдүн алардын талаптарынын канчалык деңгээлде аткарылып жатканын кабыл алуусу.

**Натыйжалуулук** – жетишилген натыйжа менен колдонулган ресурстардын ортосундагы байланыш.

## 5. БЕЛГИЛЕР ЖАНА КЫСКАРТУУЛАР

Бул колдонмодо төмөнкү белгилер жана кыскартуулар колдонулат:

**КР** – Кыргыз Республикасы;

**КР ББИМ** – Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги;

**БК ББУ** – Башталгыч кесиптик билим берүү уюмдары;

**ТЭК** – Тышкы эксперттик комиссия;

**МББС** – Мамлекеттик билим берүү стандарты;

**АРТККИ -** Аккредитация, рейтинг жана тастыктоочу коз карандысыз институту

**ББП** – Билим берүү программасы;

**ИПК** – Инженердик-педагогикалык кадрлар;

**УКС** – Улуттук квалификация системасы;

**АК** – Аккредитациялык кеңеш.

## 6. ӨЗҮН-ӨЗҮ БААЛОО ОТЧЕТУНУН ТҮЗҮМҮ ЖАНА ФОРМАСЫ

АРТККИ *институтунун директорунун 2024-жылдын 4-июлундагы № 2/008 буйругу менен бекитилген.*

### Өзүн-өзү баалоо отчетуна негизги талаптар

| № | Бөлүмдөрдүн аталышы | Талаптар | Эскертүүлөр |
|---|---|---|---|
| 1. | **Жалпы** | Отчеттун текстинин шрифти - Times New Roman 12 шрифти менен болушу керек;<br>Бөлүмдүн аталыштарынын шрифти - Times New Roman 14 шрифти менен болушу керек, ошондой эле алар кара шрифт менен белгилениши керек. Тексттеги саптардын ортосундагы аралык бир эсе болушу керек жана отчеттун бардык барактары номерлениши керек.<br>Барактын четтери: сол жагы - 2,5 см, оң жагы -1,5 см, үстү жана асты - 2 см болушу керек.<br>Отчеттун бардык таблицаларынын, графиктеринин, иллюстрацияларынын жана тиркемелеринин аталыштары жана номерлери болушу керек. | |
| 2. | **Титулдук барак** | Педагогикалык кеңештин чечиминин протоколунун № жана датасы<br>Титулдук баракта берилген маалыматтар:<br>Барактын башында - билим берүү уюмунун толук аталышы жана ортосунда аккредитациянын түрү (институционалдык аккредитациялоодо)<br>Өзүн-өзү баалоо комиссиясынын мүчөлөрүнүн толук аты жөнү жана кызматтары<br>Комиссиянын курамы жөнүндө буйруктун № жана датасы<br>2-бетте - бөлүмдөрдүн барактарын көрсөтүү менен отчеттун мазмуну.<br>3 бетте - кыскартуулардын тизмеси. | Отчет өзүн-өзү баалоонун тышкы бети болуп А4 форматындагы титул барагынан башталат |

| | | | |
|---|---|---|---|
| **3.** | **Өзүн-өзү баалоо отчетунун түзүмү** | Өзүн-өзү баалоо отчетунун бөлүмдөрү:<br>- Киришүү;<br>- 1-5 чейинки аккредитациялык стандарттарды аткарууда талдоонун натыйжалары жана алардын далилдери;<br>- Корутунду;<br>Тиркемелер. | Жалпы киришүү. Калган бөлүмдөр ырааттуу түрдө жазылууга тийиш. |
| **4.** | **Киришүү** | *Кириш сөздө келтирилген маалыматтар:*<br>- билим берүү уюмунун почта дареги, телефондору, e-mail, веб-сайты;<br>- билим берүү уюмун түзүү жөнүндө маалыматтар (тиешелүү документтердин көчүрмөлөрү тиркелет);<br>- билим берүү уюмунун уюштуруу-укуктук формасы жана менчигинин формасы жөнүндө маалыматтар (тиешелүү документтердин көчүрмөлөрү тиркелет);<br>- билим берүү уюмунун жетекчисинин, орун басарларынын, аккредитацияга жооптуунун толук аты жөнү жана алардын байланыш маалыматтары (телефондор, e-mail);<br>- өзүн өзү баалоо боюнча комиссиянын курамы;<br>- билим берүү уюмунун ишке ашырылуучу билим берүү программаларынын тизмеси;<br>- билим берүү уюмунун билим берүү программаларынын ишке ашырылуучу тизмеси;<br>- билим берүү программаларына лицензиялар жөнүндө маалыматтар (лицензиянын көчүрмөлөрү жана алардын тиркемелери тиркелет);<br>- билим берүү уюмунун билим берүү программаларын аккредитациялоо жөнүндө маалыматтар (аттестаттын көчүрмөлөрү тиркелет);<br>- билим берүү уюму алган сыйлыктар жөнүндө маалыматтар (тиешелүү документтердин көчүрмөлөрү тиркелет);<br>- билим берүү уюмунун ар кандай уюмдарга мүчөлүгү жөнүндө маалыматтар (тиешелүү документтердин көчүрмөлөрү); | |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | - бардык билим берүү программалары боюнча студенттердин саны жөнүндө маалыматтар (тиешелүү документтердин көчүрмөлөрү тиркелет);<br>- окуу пландары жөнүндө маалыматтар (окуу пландарынын көчүрмөлөрү тиркелет);<br>- билим берүү уюмунун кыскача тарыхы. | |
| 5. | **Аккредитациянын стандарттарын аткарууда талдоонун натыйжалары жана алардын далилдери** | Өзүн-өзү баалоо отчетунда келтирилген маалыматтар:<br>Билим берүү уюмунун өзүн-өзү баалоо отчетунда 2024-жылдын 15-майындагы № 246 менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин «Билим берүү тармагындагы аккредитациялоо боюнча ченемдик укуктук актыларды бекитүү» тууралуу токтомуна ылайык ар бир аккредитацияланган билим берүү программасы боюнча аккредитациялоо стандарттарынын жана критерийлеринин аткарылышын, талдоонун жыйынтыктарын ырааттуу түрдө көрсөтүү зарыл.<br>Өзүн-өзү баалоо комиссиясы жүргүзгөн талдоо өзүн-өзү сындоо жана далилдүү болушу керек.<br>Стандарттардын жана критерийлердин аткарылышынын далилдери документтештирилүүгө тийиш.<br>Өзүн-өзү баалоо комиссиясы ар бир критерийдин, ар бир стандарттын аткарылышына, сын-пикирлер менен аткарылышына же аткарылбагандыгы жөнүндө корутунду чыгарышы керек.<br>Критерийлердин аткарылышын талдоонун натыйжаларынын негизинде өзүн-өзү баалоо боюнча комиссия ар бир аккредитациялык стандарттын аткарылышы, сын-пикирлер менен аткарылышы же аткарылбашы жөнүндө тыянак чыгарууга тийиш. | 5 (беш) аккредитациянын стандарттары жана критерийлери – 24 критерий<br>Ар бир критерийдин аткарылышын баалоо болушу керек.<br>Ар бир аккредитациялык стандарттардын аткарылышын баалоо, күчтүү жана алсыз жактарын аныктоо зарыл.<br>. |
| 6. | **Корутунду** | Корутундуда келтирилген маалыматтар:<br>- программанын күчтүү жактары;;<br>- программанын алсыз жактары;<br>- бардык 5 аккредитациялык стандартынын | |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | аткарылышын баалоо.<br>Өзүн-өзү баалоо комиссиясынын мүчөлөрүнүн толук аты жөнү жана кызматтары | |
| 7. | **Тиркемелер** | Тиркемелерде келтирилген маалыматтар:<br>Тиркемелер аккредитациялык стандарттарынын жана критерийлеринин аткарылышына жооп берген документтештирилген далилдерди бериши керек.<br>Ар бир тиркеме жаңы барактан башталып, аталышы менен болуу зарыл жана өсүү тартибинде номерлениши керек | Отчеттун негизинде жазылган алгачкы маалыматтар. |

## 7. СТАНДАРТЫ

**СТАНДАРТ 1. Билим берүү сапатын камсыздоо саясаты**

Билим берүү уюму педагогикалык кеңеш тарабынан бекитилген миссияны,стратегиялык жана учурдагы пландарды, билим берүү максаттарын, окутуунун натыйжаларын, сапат менеджментинин тутумун камтыган билим берүүнүн сапатын камсыз кылуу саясатына ээ болушу керек.

| № | Билим берүү программасын баалоо критерийлери | Карала турган маселелер | Жардамчы материалдардын жана тастыктоочу документтердин болжолдуу тизмеси |
|---|---|---|---|
| 1.1. | Билим берүү уюмунун так аныкталган жана кабыл алынган миссиясынын, анын негизинде иштелип чыккан жана кызыкдар тараптардын керектөөлөрүнө ылайык бекитилген стратегиялык жана учурдагы пландарынын болушу. Билим берүү уюмунун миссиясынын негизинде иштелип чыккан жана кабыл алынган билим берүү максаттары жана окутуунун күтүлгөн натыйжалары. | -Миссияны бекитүү кандайча болот?<br>- Билим берүү уюмунун миссиясын, стратегиялык жана учурдагы пландарын, билим берүү максаттарын иштеп чыгуу, баалоо, кайра карап чыгуу, макулдашуу жана бекитүү механизмдери (ыкмалары) кандай?<br>- Стратегиялык өнүгүү планы ким тарабынан талкууланып, макулдашылат? - Кызыкдар тараптардын муктаждыктары жана талаптары кантип аныкталат? | - ББУнун уставы ;<br>- типтүү окуу план;<br>- ББУнун стратегиялык планы;<br>-ББУнун учурдагы планы;<br>- нормативдик документтер (мисалы, ББУнун Уставы ) ж.б. бекитилген миссиянын болушун, миссиянын макулдашылгандыгын, бекитилген стратегиялык жана учурдагы пландарды кызыкдар тараптардын керектөөлөрү жана күтүүлөрү (талаптары) менен көрсөткөн маалыматтык ресурстар;<br>- механизмдери кызыкдар тараптардын катышуусу менен миссияны талдоого, баалоого жана жакшыртууга мүмкүндүк берген ченемдик документтер;<br>-билим берүү уюмунун миссиясына, иштелип чыккан жана бекитилген стратегиялык жана учурдагы пландарга ылайыктуулугун аныктоо үчүн мугалимдердин кеңештеринин, |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | | тегерек столдорунун ж.б. протоколдору. |
| 1.2. | Стратегиялык жана учурдагы пландардын аткарылышына, билим берүү максаттарына, окутуунун натыйжаларына жыл сайын мониторинг жүргүзүү, аткаруунун натыйжаларына талдоо жүргүзүү жана тийиштүү түзөтүүлөрдү киргизүү. | -Билим берүү сапатты аныктоо үчүн кандай мониторинг процедуралары колдонулат?<br>- Индикаторлор боюнча пландарды ишке ашырууга жана максаттарга жетүүгө талдоо канчалык көп жүргүзүлөт?<br>- Пландарга жана программаларга түзөтүүлөр кандай жүргүзүлөт? | - ББУда билим берүүнүн сапатына мониторинг жүргүзүү жол-жоболору жана ББУөнүктүрүү пландары; - протоколдор, резолюциялар жана ж. б. |
| 1.3. | Билим берүүнүн сапатын камсыз кылуу системасын ишке ашырууга, контролдоого жана кайра кароого билим берүү уюмунун жетекчилигинин, кызматкерлеринин, студенттердин жана кызыкдар тараптардын катышуусу. | - Сапатты камсыз кылууда кызыкдар тараптардын катышуусу кандай механизмдер локалдык документтерде иштелип чыккан? | - локалдык документтер;<br>- билим берүүнүн сапатын камсыз кылуу боюнча чечимдерди кабыл алуу, сапатты контролдоо, ишке ашырууга катышуу практикасы киргизилген;<br>- протоколдор, тегерек столдор. |
| 1.4. | Документтештирилген сапатты башкаруу системасы аркылуу билим берүүнүн сапатын камсыз кылуу системасын ишке ашыруу. | - Ишмердүүлүгү билим берүүнүн сапатын камсыздоого багытталган кандай методикалык жана башкаруучулук түзүмдөр иштеп жатат?<br>- Сапатты башкаруу системасы (СБС) кантип документтештирилген? | - билим берүү уюмунун сапат менеджментинин системасы;<br>- билим берүүнүн сапатын камсыз кылууда түзүмдүк бөлүмдөрдүн ролу аныкталган документтер. |
| 1.5. | Билим берүү уюмдун сайттында жарыяланган жана кызыкдар тараптарга жеткиликтүү болгон миссиясынын, стратегиялык жана учурдагы пландардын, | - Сайттын дарегин көрсөтүңүз?<br>- Сайттагы маалыматты жаңыртуу канчалык көп жана ким тарабынан жүргүзүлөт? | -вебсайттын дареги;<br>- сайттын скриншоттору;<br>- интернет провайдери менен келишим. |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | билим берүү максаттардын, окутуунун натыйжаларынын, сапатты башкаруу системасынын болушу. | | |
| 1.6 | Билим берүүнүн сапат менеджментинин документтештирилген системасынын жардамы менен сапатты камсыз кылуу системасын киргизүү үчүн жооп берген билим берүү уюмунун жооптуу адамдарынын (кызматтарынын) болушу. | - Жооптуу адамдарды (кызматтарды) көрсөтүңүз. - Кызматтын (жооптуу адамдардын) ишинин натыйжаларына баа берүү кандай жүргүзүлөт? | - кызматтын (жооптуу адамдардын)ишинин натыйжаларын баалоо;<br>- жооптуу адамдардын (кызматтардын)иш планы;<br>- функционалдык милдеттер. |

**Стандарт 2. Адам ресурстарын башкаруу**

Билим берүү уюму студенттер менен иштөө үчүн кесиптик тажрыйбасы бар компетенттүү персоналга ээ болушу керек.

| № | Билим берүү программасын баалоо критерийлери | Карала турган маселелер | Жардамчы материалдардын жана тастыктоочу документтердин болжолдуу тизмеси |
|---|---|---|---|
| 2.1. | Кыргыз Республикасынын эмгек мыйзамдарына ылайык билим берүү уюму тарабынан педагогикалык, кенже тейлөөчү жана окуу-көмөкчү персоналды кабыл алуунун (бошотуунун), кызматы боюнча жогорулоонун ачык жана объективдүү критерийлерин пайдалануу. | -Инженердик-педагогикалык курам,кенже тейлөөчү персанал, окуу-көмөкчү персонал кандай жол менен түзүлөт?<br>- Кабыл алуу жол-жобосу кандай документтерге негизделген?<br>- Кабыл алуунун жыйынтыгы кандай бааланат?<br>- Ишмердүүлүктү баалоо, дем берүү жана карьералык өсүү системасын көрсөтүңүз. | - алардын ишин баалоонун, дем берүүнүн жана карьералык жогорулоонун жол-жоболору жана критерийлери;<br>- локалдык документтер;<br>- эмгек келишимдери; - сапаттык жана сандык маалыматтар;<br>- жамааттык келишим. |
| 2.2. | Окутуучуларды тандоо, мотивациялоо жана бекемдөө үчүн билим берүү уюмунун шарттарын түзүү. | - Кызматкерлерди тандоо, шыктандыруу жана ишин баалоо үчүн кандай шарттар түзүлгөн?<br>- Анын жыйынтыгы | - кызматкерлердин ишин шыктандыруу жана баалоо үчүн шарттар түзүлгөн;<br>- локалдык акт;<br>- сыйлыктар; |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | боюнча кандай чечимдер кабыл алынат? | - протоколдор, талдоо, отчеттор. |
| 2.3. | Педагогикалык жана окуу-көмөкчү персоналдын квалификациясын жогорулатуунун туруктуу иштеген системасынын болушу. | - Квалификацияны жогорулатуу пландары ким тарабынан иштелип чыгат? - Педагогдордун үзгүлтүксүз кесиптик өнүгүү системасы ким тарабынан бекитилет? - Курстарда, семинарларда, тренингдерде өз квалификациясын жыл ичинде канча пайыз жогорулатышат?<br>- Насаатчылык системасы кандай иштейт? | - кесиптик өнүгүү системасы иштелип чыккан жана иштеп жатат;<br>- насаатчылык системасы бекитилди жана иштеп жатат;<br>- өнүгүү планын талдоо;<br>- методикалык бирикмелер натыйжалуу иштейт;<br>- Квалификацияны жогорулатуу планы. |
| 2.4. | Инженердик-педагогикалык кадрларды инновациялык билим берүү методдору жана технологиялары боюнча мезгил-мезгили менен окутуу үчүн шарттарды түзүү. | - Окутуучулар арасында методикалык колдоо жана тажрыйба алмашуу системасы кандай уюштурулган?<br>- Окуу планы кантип ишке ашырылат?<br>- Окуу үчүн ресурстарды көрсөткүлө. | - ПМКнын иш планы;<br>- отчеттор;<br>- күбөлүк;<br>- акыркы 5 жылдагы динамикасы. |

**Стандарт 3. Материалдык-техникалык база жана маалымат ресурстары**

Билим берүү уюму жетиштүү, жеткиликтүү жана билим берүү максаттарына ылайыктуу материалдык-техникалык базанын жана маалыматтык ресурстардын болушун ишке киргизиши жана кепилдик бериши керек.

| № | Билим берүү программасын баалоо критерийлери | Карала турган маселелер | Жардамчы материалдардын жана тастыктоочу документтердин болжолдуу тизмеси |
|---|---|---|---|
| 3.1. | Билим берүү процессинин катышуучуларына, анын ичинде ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү адамдарга жеткиликтүү болгон | - МТБ жана маалыматтык ресурстар программанын талаптарына жана студенттердин муктаждыктарына канчалык көп талданат; | - имараттын техникалык паспорту;<br>-МБТ, маалыматтык ресурстар боюнча студенттердин талаптарына жана керектөөлөрүнө ылайыктуулугун талдоо, отчет берүү, |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | окуу имараттарынын, жайлардын жана материалдык ресурстардын (жабдылган окуу класстары, лабораториялар, компьютердик класстар, спортзал, акт залы, медпункт, ашкана), ошондой эле жатаканалардын болушу,тиешелүү жашоо шарттары менен ээ болуу тийиш. | - Жатаканада жашоо, окуу жана эс алуу үчүн кандай шарттар түзүлгөн (жашагандардын саны жана шарттардын сапаты)? | анын ичинде ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү адамдар;<br>- жатаканада жашоо шарттарын уюштуруу. |
| 3.2. | Билим берүү уюмунун жайларынын санитардык-гигиеналык ченемдерге жана эрежелерге жана өрт коопсуздугунун талаптарына, ошондой эле эмгекти коргоо жана коопсуздук техникасынын талаптарына ылайык келиши. | - Кандай локалдык документтер иштелип чыккан?<br>- | - окуу-материалдык базанын (жабдылышы жана жакшыртылышы) талаптарга ылайык келүүсү тастыкталды (СЭС, ӨКМ актылары);<br>- локалдык документтер. |
| 3.3. | Окуу залы жана китепканада иштөө үчүн тиешелүү шарттарды камсыз кылуу. | - Китепкананын окуу жана көркөм фонддорунун санын, аянтын көрсөткүлө.<br>- Окуу залындагы орундардын санын көрсөткүлө.<br>- Китепканада электрондук китепкана, компьютер жана интернет барбы?<br>- Китепкана фонду канчалык тез-тез жаңыланып турат? | - имараттын техникалык паспорту;<br>- китепкананын паспорту;<br>- китепкананын анализи, отчету. |
| 3.4. | Тамактануу (ашкана же буфет болсо), ошондой эле билим берүү уюмунун медпунктунда медициналык тейлөө үчүн тиешелүү | - Тамактануу( орундардын саны жана тейлөө сапаты боюнча), медициналык тейлөө үчүн | - локалдык актылар;<br>- медпункттун иш планы;<br>- меню, продукциянын ассортименти. |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | шарттарды камсыз кылуу. | кандай шарттар түзүлгөн? | |

**Стандарт 4. Каржылык ресурстарды пландаштыруу жана башкаруу**

Билим берүү уюму билим берүү максаттарына жетүү үчүн каржылык ресурстарды пландаштырууга жана башкарууга тийиш.

| № | Билим берүү программасын баалоо критерийлери | Карала турган маселелер | Жардамчы материалдардын жана тастыктоочу документтердин болжолдуу тизмеси |
|---|---|---|---|
| 4.1. | Билим берүү уюмунун финансылык ресурстары билим берүүнүн сапатын камсыз кылуу жана жетишилген деңгээлге колдоо көрсөтүү үчүн жетиштүү. | - Билим берүүнүн сапатын камсыз кылуу үчүн финансылык ресурстар кайда пландаштырылган?<br>- Мониторинг канчалык көп жүргүзүлөт?<br>- Акыркы 5 жылдагы финансылык ресурстардын көрсөткүчтөрүнүн динамикасын көрсөткүлө. | - ББУнун стратегиялык өнүгүү планы;<br>- - ББУнун учурдагы планы;<br>- мониторинг;<br>- протоколдор. |
| 4.2. | Студенттерге, окутуучу жана окуу-көмөкчү персоналга финансылык жардам көрсөтүү так белгиленген максаттарга, милдеттерге ылайык жүргүзүлөт. Студенттерге, окутуучу жана окуу-көмөкчү персоналга студенттердин, окутуучулар курамынын жана билим берүү уюмунун ортосундагы мамилелерге байланышкан бардык финансылык маселелер боюнча өз убагында жана толук маалымат берүүсү. | - Каржылык жардам кандай жүргүзүлөт?<br>- Бардык каржы маселелери боюнча толук маалымат кантип берилет? | - локалдык актылар;<br>- протоколдор;<br>- мониторинг;<br>- ишке ашыруунун натыйжалары кызыкдар тараптарга жеткиликтүү. |
| 4.3. | Билим берүү уюму пландаштыруу, финансылык каражаттарды | - Пландаштыруунун, финансылык каражаттарды | - жаңы технологиялар ишке киргизилди жана натыйжалуу |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | башкаруунун натыйжалуулугун кепилдеген технологияларды колдонот.<br>Билим берүү уюмунун бюджетин бөлүштүрүү материалдык ресурстарды, учурдагы жана пландаштырылган муктаждыктарды баалоого жана талдоого негизделет. | башкаруунун натыйжалуулугун кепилдеген кандай жаңы технологиялар колдонулат?<br>- Бюджетти бөлүштүрүү эмнеге негизделет? | пландаштыруу колдонулат;<br>- анализдер, отчеттор. |
| 4.4. | Билим берүү уюму финансыны башкарууда ачыктыкты жана айкындыкты, рационалдуу финансылык башкарууну, бюджетти негиздүү түзүүнү, тобокелдиктерди контролдоонун жана баалоонун ички механизмдерин кепилдейт. | - Финансыны башкарууда ачык-айкындуулук кантип камсыз кылынат?<br>- Бюджет кандай каралат?<br>- Контролдоо жана тобокелдиктерди баалоо механизмдерин көрсөтүү. | - протоколдор, тегерек столдор;<br>- отчеттор, талдоо;<br>- локалдык актылар. |
| 4.5. | Билим берүү уюму өзүнүн финансылык абалын баалоонун ички жана тышкы механизмдерине ээ.<br>Билим берүү уюму туруктуу негизде финансылык аудит өтүп турат. | - Билим берүү уюму тышкы финансылык аудиттен канчалык көп өтөт?<br>- Финансылык абалга баа берүү кандай жүрүп жатат?<br>- Ички аудиттен кандай өтөт? | - финансылык отчеттор;<br>- тышкы жана ички аудиттин актылары. |
| 4.6. | Билим берүү уюму финансылык кызматкерлердин квалификациялуу штатына ээ, алардын функционалдык милдеттери билим берүү уюмунун түзүмүндө так аныкталган. | - Финансы кызматкерлеринин квалификациясынын ээлеген кызмат ордуна ылайыктуулугун көрсөткүлө<br>. - Алардын иш тажрыйбасын жана жумуш нускамаларын белгилегиле. | - штаттык ырааттама;<br>- локалдык ченемдик актылар;<br>- кызматтык нускамалар. |

**Стандарт 5. Маалыматты башкаруу жана аны коомчулукка жеткирүү**

Билим берүү уюму ишке ашырылып жаткан билим берүү программасы жана ыйгарылып жаткан квалификациялар боюнча заманбап, калыс жана объективдүү, сандык жана сапаттык маалыматтарды үзгүлтүксүз жарыялап турушу керек.

| № | Билим берүү программасын баалоо критерийлери | Карала турган маселелер | Жардамчы материалдардын жана тастыктоочу документтердин болжолдуу тизмеси |
|---|---|---|---|
| 5.1. | Өзүнүн билим берүү максатын пландаштыруу жана ишке ашыруу үчүн билим берүү уюму тарабынан төмөнкү маалыматтарды чогултуу, системалаштыруу, жалпылоо жана сактоо:<br>- окуучулардын контингенти жөнүндө маалымат;<br>- сабакка катышуусу жана окуудагы жетишкендиктер, студенттердин жетишкендиктери жөнүндө маалыматтар жана окууну таштоо;<br>- окуучулардын, алардын ата-энелеринин, бүтүрүүчүлөрүнүн жана жумуш берүүчүлөрдүн билим берүү программаларын ишке ашырууга жана натыйжаларына канааттануусу;<br>- материалдык жана маалыматтык ресурстардын жеткиликтүүлүгү;<br>- бүтүрүүчүлөрдү ишке орноштуруу. | - Маалыматтар кантип чогултулат, сакталат, талданат?<br>- Маалыматты чогултуу, иштеп чыгуу, киргизүү, талдоо үчүн жооптуу адамдарды көрсөткүлө.<br>- Муктаждыктардын канааттандырылышын баалоо үчүн ата-энелер, студенттер арасында сурамжылоо кандай жүргүзүлөт? | - маалымат системасы;<br>- кызматтык нускамалар;<br>- маалыматтарды талдоо;<br>- анкета жүргүзүү. |
| 5.2. | Билим берүү уюму тарабынан коомчулукка туруктуу негизде өз ишмердиги жөнүндө маалымат берүү, анын ичинде: | - Коомчулукка маалымдоо кандай жүрүп жатат?<br>- ББУ сайтты көрсөтүү.<br>- Муктаждыктарды баалоо жана талкуулоо жол-жоболорун сүрөттөгүлө. | - веб-сайт;<br>- коммуникация стратегиясы;<br>- муктаждыктарды талкуулоо жана баалоо жол-жоболору. |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | - миссиясы;<br>- билим берүү максаттары;<br>- ыйгарылуучу квалификация;<br>- окутуунун жана билим берүүнүн формалары жана каражаттары;<br>- баалоо жол-жоболору;<br>- студенттерге берилген өтүү баллдары жана окуу мүмкүнчүлүктөрү;<br>- бүтүрүүчүлөрдүн жумушка орношуу мүмкүнчүлүктөрү жөнүндө маалымат. | | |
| 5.3. | Коомчулукка маалымат берүү үчүн билим берүү уюмунун өз сайтын жана жалпыга маалымдоо каражаттарын колдонуусу. | - ББУ коомчулукка маалымат берүү үчүн коомдук маалымат каражаттары колдонулат (телекөрсөтүү, журналдар, интернет гезиттер).<br>- Маалыматтын өз убагында жана толук берилишине жооптуу адам барбы? ББУнун сайты канчалык көп жаңыртылат? | Массалык маалымат каражаты боюнча маалымат;<br>- веб-сайт;<br>- интернет булактары (Instagram, Facebook) - буйрук. |

## 8. ӨЗҮН-ӨЗҮ БААЛОО БОЮНЧА КОМИССИЯНЫН КОРУТУНДУСУ

| № | Баалоо критерийлери | Билим берүү программасынын позициясы | | |
|---|---|---|---|---|
| | | Шайкеш келет | Жарым-жартылай шайкеш келет | Шайкеш келбейт |
| **Стандарт 1. Билим берүү сапатын камсыздоо саясаты** | | | | |
| 1.1. | Билим берүү уюмунун так аныкталган жана кабыл алынган миссиясынын, анын негизинде иштелип чыккан жана кызыкдар тараптардын керектөөлөрүнө ылайык бекитилген стратегиялык жана учурдагы пландарынын | | | |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | болушу.Билим берүү уюмунун миссиясынын негизинде иштелип чыккан жана кабыл алынган билим берүү максаттары жана окутуунун күтүлгөн натыйжалары. | | | |
| 1.2. | Стратегиялык жана учурдагы пландардын аткарылышына, билим берүү максаттарына, окутуунун натыйжаларына жыл сайын мониторинг жүргүзүү, аткаруунун натыйжаларына талдоо жүргүзүү жана тийиштүү түзөтүүлөрдү киргизүү. | | | |
| 1.3. | Билим берүүнүн сапатын камсыз кылуу системасын ишке ашырууга, контролдоого жана кайра кароого билим берүү уюмунун жетекчилигинин, кызматкерлеринин, студенттердин жана кызыкдар тараптардын катышуусу. | | | |
| 1.4. | Документтештирилген сапатты башкаруу системасы аркылуу билим берүүнүн сапатын камсыз кылуу системасын ишке ашыруу. | | | |
| 1.5. | Билим берүү уюмдун сайттында жарыяланган жана кызыкдар тараптарга жеткиликтүү болгон миссиясынын, стратегиялык жана учурдагы пландардын, билим берүү максаттардын, окутуунун натыйжаларынын, сапатты башкаруу системасынын болушу. | | | |
| 1.6 | Билим берүүнүн сапат менеджментинин документтештирилген системасынын жардамы менен сапатты камсыз кылуу системасын киргизүү үчүн жооп берген билим берүү уюмунун жооптуу адамдарынын (кызматтарынын) болушу. | | | |
| 1.7. | Билим берүү уюмунун өзүнүн сайтын жана жалпыга маалымдоо каражаттарын коомчулукка маалымат берүү үчүн колдонуусу. | | | |
| | **Стандарт боюнча бардыгы** | | | |
| **Стандарт 2. Адам ресурстарын башкаруу** | | | | |
| 2.1. | Кыргыз Республикасынын эмгек мыйзамдарына ылайык билим берүү уюму тарабынан педагогикалык, кенже тейлөөчү жана окуу-көмөкчү персоналды кабыл алуунун (бошотуунун), кызматы боюнча жогорулоонун ачык жана объективдүү критерийлерин пайдалануу. | | | |
| 2.2. | Окутуучуларды тандоо, мотивациялоо жана бекемдөө үчүн билим берүү уюмунун шарттарын түзүү. | | | |
| 2.3. | Педагогикалык жана окуу-көмөкчү персоналдын квалификациясын жогорулатуунун туруктуу иштеген системасынын болушу. | | | |
| 2.4. | Инженердик-педагогикалык кадрларды инновациялык билим берүү методдору жана технологиялары боюнча мезгил-мезгили менен окутуу үчүн шарттарды түзүү. | | | |
| | **Стандарт боюнча бардыгы** | | | |
| **Стандарт 3. Материалдык-техникалык база жана маалымат ресурстары** | | | | |
| 3.1. | Билим берүү процессинин катышуучуларына, анын ичинде ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү адамдарга жеткиликтүү болгон окуу имараттарынын, жайлардын жана материалдык ресурстардын (жабдылган окуу класстары, лабораториялар, компьютердик класстар, спортзал, акт залы, медпункт, | | | |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | ашкана), ошондой эле жатаканалардын болушу,тиешелүү жашоо шарттары менен ээ болуу тийиш. | | | |
| 3.2. | Билим берүү уюмунун жайларынын санитардык-гигиеналык ченемдерге жана эрежелерге жана өрт коопсуздугунун талаптарына, ошондой эле эмгекти коргоо жана коопсуздук техникасынын талаптарына ылайык келиши. | | | |
| 3.3. | Окуу залы жана китепканада иштөө үчүн тиешелүү шарттарды камсыз кылуу. | | | |
| 3.4. | Тамактануу (ашкана же буфет болсо), ошондой эле билим берүү уюмунун медпунктунда медициналык тейлөө үчүн тиешелүү шарттарды камсыз кылуу. | | | |
| | **Стандарт боюнча бардыгы** | | | |
| **Стандарт 4. Каржылык ресурстарды пландаштыруу жана башкаруу** | | | | |
| 4.1. | Билим берүү уюмунун финансылык ресурстары билим берүүнүн сапатын камсыз кылуу жана жетишилген деңгээлге колдоо көрсөтүү үчүн жетиштүү. | | | |
| 4.2. | Студенттерге, окутуучу жана окуу-көмөкчү персоналга финансылык жардам көрсөтүү так белгиленген максаттарга, милдеттерге ылайык жүргүзүлөт.Студенттерге, окутуучу жана окуу-көмөкчү персоналга студенттердин, окутуучулар курамынын жана билим берүү уюмунун ортосундагы мамилелерге байланышкан бардык финансылык маселелер боюнча өз убагында жана толук маалымат берүүсү. | | | |
| 4. 3. | Билим берүү уюму пландаштыруу, финансылык каражаттарды башкаруунун натыйжалуулугун кепилдеген технологияларды колдонот.<br>Билим берүү уюмунун бюджетин бөлүштүрүү материалдык ресурстарды, учурдагы жана пландаштырылган муктаждыктарды баалоого жана талдоого негизделет. | | | |
| 4.4. | Билим берүү уюму финансыны башкарууда ачыктыкты жана айкындыкты, рационалдуу финансылык башкарууну, бюджетти негиздүү түзүүнү, тобокелдиктерди контролдоонун жана баалоонун ички механизмдерин кепилдейт. | | | |
| 4.5. | Билим берүү уюму өзүнүн финансылык абалын баалоонун ички жана тышкы механизмдерине ээ.<br>Билим берүү уюму туруктуу негизде финансылык аудит өтүп турат. | | | |
| | **Стандарт боюнча бардыгы** | | | |
| **Стандарт 5. Маалыматты башкаруу жана аны коомчулукка жеткирүү** | | | | |
| 5.1. | Өзүнүн билим берүү максатын пландаштыруу жана ишке ашыруу үчүн билим берүү уюму тарабынан төмөнкү маалыматтарды чогултуу, системалаштыруу, жалпылоо жана сактоо:<br>- окуучулардын контингенти жөнүндө маалымат;<br>- сабакка катышуусу жана окуудагы жетишкендиктер, студенттердин жетишкендиктери жөнүндө маалыматтар жана окууну таштоо;<br>- окуучулардын, алардын ата-энелеринин, | | | |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | бүтүрүүчүлөрүнүн жана жумуш берүүчүлөрдүн билим берүү программаларын ишке ашырууга жана натыйжаларына канааттануусу;<br> - материалдык жана маалыматтык ресурстардын жеткиликтүүлүгү;<br>- бүтүрүүчүлөрдү ишке орноштуруу. | | | |
| 5.2. | Билим берүү уюму тарабынан коомчулукка туруктуу негизде өз ишмердиги жөнүндө маалымат берүү, анын ичинде:<br>- миссиясы;<br>- билим берүү максаттары;<br>- ыйгарылуучу квалификация;<br>- окутуунун жана билим берүүнүн формалары жана каражаттары;<br>- баалоо жол-жоболору;<br>- студенттерге берилген өтүү баллдары жана окуу мүмкүнчүлүктөрү;<br>- бүтүрүүчүлөрдүн жумушка орношуу мүмкүнчүлүктөрү жөнүндө маалымат. | | | |
| 5.3. | Коомчулукка маалымат берүү үчүн билим берүү уюмунун өз сайтын жана жалпыга маалымдоо каражаттарын колдонуусу. | | | |
| | **Стандарт боюнча бардыгы** | | | |
| | **БАРДЫГЫ:** | | | |

## 9. АДАБИЯТ


1. Кыргыз Республикасынын "Билим берүү жөнүндө" Мыйзамы, 2023-жылдын 11-августунан № 179.
2. 2021-2023-жылдарга Кыргыз Республикасында билим берүүнү өнүктүрүү Концепциясы
3. 2021-2040 - жылдарга Кыргыз Республикасында билим берүүнү өнүктүрүү стратегиясы.
4. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн токтому "Кыргыз Республикасында 2021-2040-жылдарга билим берүүнү өнүктүрүү Программасын бекитүү тууралуу" 2021-жылдын 4-майынан, №200.
5. Кыргыз Республикасынын Министрлер кабинетинин Токтому “Билим берүү тармагында аккредитациялоо боюнча ченемдик укуктук актыларды бекитүү тууралуу" 2024-жылдын 15-майынан, 2024-жылдын № 246